АК ШАМ♪♪♪

Асмандан түшүп келген перидей, перидей,

Арбадың ажарыңдан кемибей,кемибей.

Жадырап күлгөнүң-ай,

Жаз болуп жүргөнүң-ай,

Дүйнөнүн кереметин көрдүм-ай,көрдүм-ай.

Кайырма:

Өзүңсүз өмүр караңгыдай,

караңгыдай,караңгыдай

Жабыгам сагынычым айталбай,сагынычым айталбай.

Бактыма менин жаралдың-ай,жаралдың-ай,жаралдың-ай,

Жарык бол мен үчүн жанып шамдай,мен үчүн жанып шамдай,ак шамдай.

Карегиң-кара деңиз түбү жок, түбү жок,

Канча жан чөгөөр экен үнү жок, үнү жок.

Чачыңдын толкуну-ай,

Чачылып толкудум-ай,

Арзыган махабатым болдуң-ай, болдуң-ай.